"Каралды"

Педагогикалык кенештин алдында

Протокол № 5

29.03.2022-жыл

"Бекитемин"

Мектеп директору ________

Сарытаева Д.Т

29.03.2022-жыл

# Токтогул атындагы №6 орто мектебинин негизги жалпы жана жалпы орто билим берүүнүн билим берүү программалары боюнча жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестациясын өткөрүү жөнүндөгү ЖОБОСУ

Кыргыз Республикасынын Билим берүү

жана илим министрлигинин

2019-жылдын 23-мартындагы №304/1 буйругу менен бекитилген Жобонун негизинде түзүлдү.

1. Жалпы жоболор;
2. ЖМАнын (НМС) жумушчу органдарынын функциялары;
3. ЖМАнын (НМС) катышуучулары;
4. ЖМАны (НМС) өткөрүү мөөнөтү жана узактыгы;
5. ЖМАны (НМС) өткөрүү жана тапшырууга укук берүү тартиби;
6. Мүмкүнчүлүгү чектелген окуучулар үчүн ЖМАны (НМС) өткөрүү тартиби;
7. ЖМАнын сынак иштерин текшерүү тартиби жана аларды баалоо;
8. Апелляцияларды кабыл алуу жана карап чыгуу;
9. Окуучуларды бүтүрүп чыгаруу тартиби. Билими тууралуу мамлекеттик үлгүдөгү документти жол-жоболоштуруу жана тапшыруу;
10. Бүтүрүүчүлөрдү сыйлоо

## 1. Жалпы Жоболор

**1**.Кыргыз Республикасынын бардык типтеги жана менчик түрүндөгү жалпы билим берүү уюмдарында негизги жалпы жана жалпы орто билим берүүнүн билим берүү программалары боюнча жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестациясын өткөрүү жөнүндөгү бул Жобо аттестацияны өткөрүү түрүн, катышуучуларын, мөөнөтүн жана узактыгын, сынак иштерин текшерүү жана аларды баалоо тартибин, арыздарды (апелляцияларды) берүү жана карап чыгуу, аттестациянын жыйынтыктарын өзгөртүү жана (же) жокко чыгаруу тартибин аныктайт.

**2**. Негизги мамлекеттик сынак түрүндө (мындан ары текстте ЖМА НМС) - Кыргыз Республикасынын мыйзам талаптарына шайкеш келген негизги жалпы жана жалпы орто билим берүүнүн билим берүү программалары боюнча мамлекеттик аккредитациядан өткөн Кыргыз Республикасынын бардык типтеги жана менчик түрүндөгү жалпы билим берүү уюмдарында (мектептер, мектеп-гимназиялар, мектеп-комплекстер, мектеп-лицейлер, кесиптик-техникалык лицейлер, сырттан (кечки-нөөмөттүк) окуу түрүндөгү мектептер (класстар), атайын окутуу-тарбиялоо мекемелери, дарылоо-алдын-алуу санаториялары, тарбиялоонун өзгөчө шарттарына муктаж болгон балдар жана өспүрүмдөр үчүн атайын жалпы билим берүү мектептери, жеке менчик жалпы билим берүү уюмдары жана башкалар – текстте мындан ары: жалпы билим берүү уюму) негизги жалпы жана жалпы орто билим берүү программаларын өздөштүргөн окуучулары үчүн өткөрүлөт.ЖМА негизги мамлекеттик сынак катары жазуу жана оозеки түрдө өткөрүлөт (сынак материалдары тапшырмалар менен кошо берилген тексттер жана башка көзөмөлдөө өлчөө-ченөө материалдары түрүндө берилет (текстте мындан ары – КӨЧМ)).

**3**. ЖМАнын (НМС) максаттары төмөнкүлөр болуп эсептелет:

- Кыргыз Республикасынын «Билим берүү жөнүндө» жана «Кыргыз Республикасынын мамлекеттик тили жөнүндө» мыйзамдарынын аткарылышына көзөмөл кылуу;

- окуучулардын негизги жалпы жана жалпы орто билим берүүнүн билим берүү программаларын өздөштүрүү натыйжаларынын Кыргыз Республикасынын мамлекеттик билим берүү стандарттарынын талаптарына дал келүүсүн аныктоо;
- билим берүүнү башкаруу систамасына өзгөртүүлөрдү киргизүү үчүн мектеп ичинде мониторинг жана талдоо жүргүзүүнү ишке ашыруу.
**4.** ЖМА (НМС) мектептин предметтик комиссиялары тарабынан жүргүзүлөт (текстте мындан ары – ПК).
**5.** ЖМА (НМС) окутулуп жаткан тилде, базистик окуу планына ылайык белгиленген тартипте өткөрүлөт.

## 2. Жумушчу органдарынын кызматтык милдеттери

**6**. ЖМАнын (НМС) жумушчу органдары болуп Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлиги (текстте мындан ары – министрлик), Билим берүү сапатын баалоо жана маалымат технологияларынын улуттук борбору (текстте мындан ары – ББСБжМТУБ), Кыргыз билим берүү академиясы (текстте мындан ары – КБА), билим берүүнүн мамлекеттик башкаруу органдары (текстте мындан ары – билим берүүнүн мамлекеттик башкаруу органдары), жалпы билим берүү уюмдары (текстте мындан ары – жалпы билим берүү уюмдары), предметтик комиссиялар (текстте мындан ары – ПК) жана талаш-тартыш маселелерин чечүү комиссиясы (текстте мындан ары – ТК) эсептелет.
**7.** Министрлик ЖМАнын (НМС) формаларын жана түрлөрүн, аны өткөрүү жана сынак материалдарын колдонуу жана сактоо тартиптерин аныктайт.
**8.** Министрлик төмөнкү функцияларды аткарат:
- ЖМАны (НМС) өткөрүү үчүн КӨЧМдөрдү иштеп чыгуу боюнча ББСБжМТУБнун жана КБАнын ишин, ЖМАны өткөрүү тартибин жана окуучулардын сынак иштерин баалоо критерийлерин жөнгө салат;
- Билим берүүнүн мамлекеттик башкаруу органдарынын жардамы менен жалпы билим берүү уюмдарын КӨЧМдөр менен камсыздайт;
- ушул Жобонун белгиленген тартибинде ЖМАны (НМС) өткөрүүнү камсыздоо боюнча мамлекеттик аккредетациядан өткөн жана негизги жалпы жана (же) жалпы орто билим берүүнүн билим берүү программаларын ишке ашырышкан билим берүүнүн мамлекеттик башкаруу органдарынын жана бардык типтеги жана менчик формадагы жалпы билим берүү уюмдарынын иштерин жөнгө салат жана көзөмөлдөйт;
- Билим берүүнүн мамлекеттик башкаруу органдары жалпы билим берүү уюму менен биргеликте телефондордун "тынымсыз байланыш" ишин, атайын сайттарда же интернет булактарындагы расмий сайттарда атайын бөлүктү жүргүзүүнү, жалпыга маалымдоо каражаттары менен өз ара аракеттешүүнү уюштурат.
**9.** ББСБжМТУБ жана КБА сынак материалдардын, предметтик сынактарды өткөрүүнүн процедуралары боюнча нускамалык каттардын иштелип чыгуусун жана ЖМАнын (НМС) жыйынтыктарын баалоо критерийлерин иштеп чыгууну камсыздайт.
**10.** ЖМАны (НМС) өткөрүүдө билим берүүнүн мамлекеттик башкаруу органдары жалпы билим берүү уюмунда белгиленген тартиптин сакталышын камсыздайт, анын ичинде:
- ЖМАны (НМС) ушул Жобонун талаптарына ылайык өткөрүүнү;
- ЖМАны (НМС) өткөрүү үчүн керектүү сынак материалдарынын топтому менен камсыз кылууну;
- ЖМАга (НМС) даярдыктын жана аны өткөрүүнүн жүрүшүнө көзөмөл жүргүзүүнү;
- сынак материалдарын сактоодо, пайдаланууда жана өткөрүп берүүдө маалыматттык коопсуздукту камсыз кылууну жана аларга жетүү мүмкүндүгү бар адамдарды дайындоону;
- окуучуларга жана алардын ата-энелерине (мыйзамдуу өкүлдөрүнө) ЖМА (НМС) боюнча ЖББУ аркылуу маалымат берүүнү;
- ЖМАны (НМС) өткөрүүдө белгиленген тартипти сактоо маселелери боюнча коомдук байкоочулар менен өз ара аракеттешүүнү ишке ашырууну;
- ЖМАны (НМС) өткөрүүдө белгиленген тартиптин бузулушу боюнча текшерүүлөрдү жүргүзүүнү уюштурууну;
- ЖМАнын жыйынтыктарын карап чыгууну;
- ПКнын ишмердүүлүгүн жөнгө салууну;
- ТКны түзүүнү жана анын ишмердүүлүгүн жөнгө салууну;
- өзгөчө учурларда ЖМАнын жыйынтыктарын бекитүү, өзгөртүү же жокко чыгаруу жөнүндө чечим кабыл алууну.

**11.** Жалпы билим берүү уюму ЖМАны (НМС) өткөрүү үчүн ушул Жобонун 2-пунктуна ылайык төмөнкү иш милдеттерин аткарат:
- белгиленген окуу сабактары боюнча ПКнын курамын түзөт жана анын ишмердүүлүгүн жөнгө салат. ПКнын курамына төмөнкү талаптарга жооп берген педагогдор кирет: жогорку педагогикалык билими бар болгон; квалификациялык маалымдамаларда жана (же) кесиптик стандарттарда көрсөтүлгөн квалификациялык талаптарга дал келген; билим берүү ишмердүүлүгүн жүргүзгөн жана негизги жалпы жана (же) жалпы орто билим берүүнүн билим берүү программаларын ишке ашырган уюмдарда иш тажрыйбасы бар болгон;
- негизги жалпы жана жалпы орто билим берүүнүн негизги жалпы билим берүү программаларын өздөштүргөн IX жана XI класстардын окуучуларынын тизмесин карайт жана бекитүүгө сунуштайт;
- ден соолугуна байланыштуу ЖМАны (НМС) тапшыруудан бошотулган окуучулардын тийиштүү документтерин карап чыгат жана аларды ББМБОго жиберет;
- окуучуларга жана алардын ата-энелерине (мыйзамдуу өкүлдөрүнө) ЖМАны (НМС) өткөрүү мөөнөттөрү тууралуу анын башталышына эки жума калган убакытка чейин өз убагында кабарлоону уюштурат;
- Жалпы билим берүү уюмунда ЖМАны (НМС) өткөрүүгө даярдык жөнүндө билим берүүнүн мамлекеттик башкаруу органдарына сынактардын башталышына бир жума калган мөөнөттө маалымат берет;
- Жалпы билим берүү уюмунда окуучулар жана алардын ата-энелери (мыйзамдуу өкүлдөрү) үчүн «ЖМАга (НМС) даярданабыз» аталышындагы маалымат тактасын жол-жоболоштурууну жана маалыматты сайтта (бар болуусунда) жайгаштырууну камсыз кылат;
- белгиленген мөөнөттөргө тестирлөө өткөрүү жайын даярдоону (санитардык-гигиеналык шарттарды, коомдук тартиптин сакталышын, педагогдордун жана медициналык кызматкерлердин арасынан нөөмөтчүлөрдү) камсыз кылат;
- бүтүрүүчүлөрдү ЖМАнын (НМС) жыйынтыктары менен тааныштырууга жоопту болот.

**12.** Предметтик комиссиянын курамы педагогикалык кеңештин сунуштамасына ылайык аныкталат жана ЖББУнун буйругу менен бекитилет.
Тийиштүү окуу сабагы боюнча ПКнын төрагасы болуп жалпы билим берүү уюмунун директору, окуу-тарбия иштери боюнча директордун орун басары же директордун көрсөтүүсү боюнча мектеп мугалимдеринин методикалык бирикмесинин жетекчиси дайындалат.
Тийиштүү окуу сабагы боюнча ПКнын төрагасы жалпы жетекчиликти жүргүзөт жана ишмердүүлүктү жөнгө салат.
ЖМА (НМС) өткөрүлүп жаткан сабак боюнча IX жана (же) XI класста сабак окуткан мугалим ПКнын төрагасы болуп дайындалбайт.
ПКнын курамы 3 төн кем эмес жана 5 тен көп эмес адамдан турат, анын ичинде комиссиянын төрагасы, сынак алуучу (ошол окуу сабагынан берген мугалим жана ассистент (ассистенттер) болот.

**13.** ПК жалпы билим берүү уюмунда тийиштүү окуу сабактары боюнча ЖМАны (НМС) өткөрүү убагында:
- белгиленген тартипте окуучулардын сынак иштерин өткөрүүнү жана баалоону жүргүзөт;
- сынактардын жыйынтыктары боюнча протоколдорду жол-жоболоштурат;
- ушул Жобого ылайык окуучуларды ЖМАнын (НМС) жыйынтыктары менен тааныштырууну камсыз кылат.

**14.** Жалпы билим берүү уюмдары ЖМАга (НМС) көмөк көрсөтүү максатында окуучулардын жана алардын ата-энелеринин (мыйзамдуу өкүлдөрүнүн) колтамгасын койдуруп алуу менен, аларга төмөнкүлөр тууралуу маалымат берет:
- ЖМАны (НМС) өткөрүү мөөнөттөрү, формасы жана тартиби жөнүндө;
- сынактан четтетүүнүн, ЖМАнын (НМС) жыйынтыктарын өзгөртүүнүн же жокко чыгаруунун себептери тууралуу;
- ЖМАнын (НМС) жыйынтыктары менен таанышуу убакыты жана орду тууралуу;
- ЖМАны (НМС) өткөрүүнүн белгиленген тартибинин бузулушу жөнүндө жана (же) коюлган баалар менен макул эместиги тууралуу арыздарды апелляцияга берүү тартиби жөнүндө.

**15.** Көз карандысыз коомдук байкоочулар ЖМАны (НМС) өткөрүү тартибинин сакталышын камсыз кылуу максатында төмөнкү ыйгарым укуктарга ээ:
- ЖМАны (НМС) өткөрүү тартибин регламентациялаган документтер менен таанышууга;
- ЖМАны (НМС) өткөрүү жана сынакты өткөрүү тартиби жөнүндөгү нускама берүүнүн жүрүшүнө тышкы байкоону жүргүзүүгө;

- сынак өткөрүлгөн күнү жанында паспорту жана коомдук байкоочунун күбөлүгү менен ЖМАны (НМС) өткөрүү жайында болууга.
Коомдук байкоочуларга төмөнкүлөргө тыюу салынат:
- ЖМАны (НМС) даярдоонун жана өткөрүүнүн жүрүшүнө кийлигишүүгө;
- сынак башталгандан кийин дарсканага кирүүгө же чыгууга;
- сынак учурунда ЖМАнын (НМС) катышуучулары менен баарлашууга;
- дарсканаларда уюлдук телефондор, сүрөт жана көрмө аппараттар, компьютерлер менен колдонууга;
- ПКнын ишине кийлигишүүгө.
**16.** Коомдук байкоочуларды каттоо тартиби билим берүүнүн мамлекеттик башкаруу органдары тарабынан жүргүзүлөт.
Каттоодон өтүү үчүн билим берүүнүн мамлекеттик башкаруу органына белгиленген тартипте арыз жазуу жана төмөнкү документтерди тапшыруу керек: 3 х 4 см өлчөмүндөгү эки сүрөт, арыз берүүчүнүн оң сапаттарын мүнөздөгөн эки сунуштама, ошондой эле билим берүүнүн мамлекеттик башкаруу органынын жетекчилиги менен аңгемелешүүдөн өтүү керек.
**17.** Окуучулардын коопсуздугун камсыз кылуу максатында билим берүүнүн мамлекеттик башкаруу органы күбөлүк берүүдөн баш тартууга жана бул тууралуу арыз берүүчүгө ЖМАнын (НМС) башталышына эки күн калган убакытка чейин кабарландырууга укуктуу.
**18.** Коомдук байкоочу ЖМАны (НМС) өткөрүү тартибинин бузулушу боюнча апелляцияларды караган талаш-тартыш маселелерин чечүү комиссиясынын (ТК) курамына киргизилиши мүмкүн эмес.
**19**. Бир жалпы билим берүү уюмунда коомдук байкоочулардын саны 3 адамдан көп болбошу керек.
**20.** Министрликтин, билим берүүнүн мамлекеттик башкаруу органдарынын жана жалпы билим берүү уюмдарынын кызматкерлери коомдук байкоочулар боло алышпайт.

## 3. ЖМАнын (НМС) катышуучулары. Окуучулардын кирүү мүмкүндүгүнүн тартиби

**21.** ЖМАнын (НМС) катышуучулары болуп, ушул Жобонун 2-пунктунда алдын ала караштырылган, Кыргыз Республикасынын жалпы билим берүү уюмдарынын IX жана XI класстарынын окуучулары эсептелет.
**22**. ЖМАга (НМС) IX жана (же) XI класстарынын төмөнкү окуучулары киргизилет:
- академиялык карыздары жок жана окуу планын толук көлөмдө аткаргандар (IX жана (же) XI класстары үчүн бардык окуу сабактары боюнча жылдык баалары «канааттандырарлык» баадан төмөн эмес болгондор);
- белгиленген окуу планынын ЖМА (НМС) өткөрүлүп жаткан бир окуу сабагы боюнча жылдык «канааттандырарлык эмес» баага ээ болгондор (ошол сабак боюнча ЖМАга (НМС) окуучулар педагогикалык кеңештин сунуштамасына жана жалпы билим берүү уюмунун буйругуна ылайык киргизилиши мүмкүн);
- белгиленген окуу планынын ЖМАны (НМС) өткөрүү каралбаган бир окуу сабагы боюнча жылдык «канааттандырарлык эмес» баага ээ болгондор (окуучулар ошол сабак боюнча тандоо сабагы катары сөзсүз түрдө аттестациядан өтүшөт).
**23**. Үстүбүздөгү окуу жылында мектеп окуучуларынын республикалык же эл аралык олимпиадаларынын корутунду этабында байгелүү орундарга ээ болгон окуучулар (жеңүүчүлөр) (билим берүүнүн ыйгарым укуктуу органынын белгиленген дипломунун жана (же) эл аралык олимпиаданын Уюштуруу комитетинин сертификатынын бар болуусунда) тийиштүү окуу сабагы боюнча ЖМАны (НМС) тапшыруудан бошотулат.
**24.** IX жана (же) XI класстарынын окуучулары, анын ичинде чет элдик жарандар, жарандыгы жок адамдар, качкындар жана бир жерден экинчи жерге көчүүгө мажбур болгондор, ден соолук мүмкүнчүлүгү чектелген окуучулар, негизги жалпы же жалпы орто билим берүүнүн билим берүү программаларын күндүзгү, күндүзгү-сырттан же сырттан, үйдө же экстернат түрүндө өздөштүргөн, үстүбүздөгү окуу жылында ЖМАны (НМС) тапшырууга ушул Жобонун 22-пунктунда белгиленген тартибинде киргизилет.
**25.** Эки же андан көп окуу сабагы боюнча жылдык «канааттандырарлык эмес» баага ээ болгон IX жана (же) XI класстарынын окуучулары педагогикалык кеңештин сунуштамасына жана жалпы билим берүү уюмунун буйругуна ылайык ЖМАны (НМС) тапшырууга киргизилбейт.
**26.** Негизги жалпы жана (же) жалпы орто билим берүүнүн билим берүү программаларын үйдө же өз алдынча окуу түрүндө өздөштүргөн, же мамлекеттик аккредитациядан өтпөгөн негизги жалпы жана

(же) жалпы орто билим берүү программалары боюнча окутулган окуучуларга ушул Жобонун 2-пунктунун талаптарына ылайык мамлекеттик аккредитациядан өткөн негизги жалпы жана (же) жалпы орто билим берүү программалары боюнча билим берүү ишмердүүлүгүн жүргүзгөн жалпы билим берүү уюмунда ЖМАны (НМС) тапшырууга укук берилет.

27. Ден соолук мүмкүнчүлүгү чектелген окуучулар дарылоо мекемесине караштуу дарыгердик-кеңеш берүү комиссиянын (ДКК) же ден соолук мүмкүнчүлүгү чектелген балдар үчүн психологиялык-медициналык-педагогикалык кеңеш берүүнүн (ПМПК) корутундусун көрсөтүп арыз бергенде, ар бир айрым учурда тийиштүү билим берүүнүн мамлекеттик башкаруу органынын уруксаты болгондо гана бошотулат.

## 4. ЖМАны (НМС) өткөрүү мөөнөтү жана узактыгы

**28**. ЖМАны (НМС) өткөрүү мөөнөтү министрлик тарабынан бирдиктүү тартипте аныкталат.

**29.** Окуучулардын ыктыярдуу республикалык тестирлөөгө катышуусунда окуучулардын арызы боюнча жалпы билим берүү уюмдарынын педагогикалык кеңештери негизги (апрель – май, кошумча – июнь) тестирлөөнүн жыйынтыктарын (9-, 11-класстар) тийиштүү сабактар боюнча (оозеки сынактардын) сынактык баалар катары эсептеп коюуга укугу бар.

**30.** Тийиштүү окуу сабактары боюнча ЖМАны (НМС) кайталап тапшырууга укук берилген окуучулар үчүн, кошумча, бирок ЖМА (НМС) аяктагандан кийин бир жумадан кеч эмес мөөнөт аныкталат.

Кайталанган сынактарды өткөрүү формалары ушул Жобонун 38-пунктуна ылайык аныкталат.

**31**. Ушул Жобонун 39-пунктуна ылайык аныкталган мөөнөттөрдө негиздүү себептер менен ЖМАны (НМС) тапшырууга мүмкүнчүлүгү болбогон окуучулар үчүн милдеттүү окуу сабактары жана тандоо сабактары боюнча ЖМА (НМС) мөөнөтүнөн мурда, бирок 15-апрелден эрте эмес мөөнөттө ушул Жобо менен белгиленген түрдө өткөрүлөт. Мөөнөтүнөн мурда ЖМА (НМС) өткөрүлгөн учурда мурунку окуу жылынын сынак тапшырмаларынын, темаларынын «запастык» варианттары колдонулат.

**32.** Кылмыш-жаза аткаруу системасынын түзөтүү мекемелерине тиешелүү жалпы билим берүү уюмдарында окугандар үчүн жаза тартуу мөөнөтүнөн ЖМА (НМС) башталганга чейин бир айдан эрте эмес убакыт калганда бошотулган учурда, ЖМА (НМС) мөөнөтүнөн мурда, билим берүүнүн мамлекеттик башкаруу органы тарабынан аныкталган, мындай түзөтүү мекемелеринин уюмдаштыруучулары менен макулдашылган мөөнөттөрдө, бирок үстүбүздөгү жылдын 20-апрелинен эрте эмес убакытта өткөрүлөт.

**33.** Ушул Жобонун 28-пунктуна ылайык аныкталган мөөнөттөрдө өткөрүлгөн ЖМА (НМС) сынактарынын ортосундагы тыныгуулар үч календардык күндөн кем болбошу керек.

**34.** Сынактардын өткөрүү убактысына даярдык иш-чараларына бөлүнгөн убакыт (окуучуларга нускама берүү, сынак тапшырмалары бар тест топтомдорун ачуу, КӨЧМдерди көчүрүү, сынак иштеринин каттоо бөлүмдөрүн толтуруу, техникалык каражаттардын иштөөсүн текшерүү, тыныгуулар ж.б.) кирбейт.

Сынактын узактыгы 4 саат же андан көп болгон учурда, ПКнын макулдашуусу менен окуучуларга (15-20 мүнөт) танапис берилет.

Ден соолугунун мүмкүнчүлүгү чектелген окуучуларга, ошондой эле ден соолугунун абалына байланыштуу үйүндө окуган, анын ичинде жалпы билим берүү уюмдарында, узак дарыланууга муктаж болгондор үчүн зарыл болгон дарылоо, реабилитациялык жана ден соолукту жакшыртуучу иш-чаралар өткөрүлүүчү санатордук-курорттук уюмдарда ЖМАнын (НМС) узактыгы 1,5 саатка узартылышы мүмкүн.

**35.** Жалпы билим берүү уюмунда ЖМА (НМС) эртең мененки саат 09:00дө башталат. ЖМА (НМС) боюнча уюштуруу иш-чаралары сынактын башталышына 1 саат калганга чейин жүргүзүлөт (каттоо, бүтүрүүчүлөрдү отургузуу жана нускама берүү, тест топтомдорун ачуу, көзөмөлдөө өлчөө-ченөө материалдарды көчүрүү, баш баракты толтуруу ж.б.).

## 5. ЖМАны (НМС) өткөрүү тартиби

**36.** ЖМАнын (НМС) милдеттүү сабактарынын өткөрүү күнү жана убакыты, ошондой эле окуу сабактарынын тизмеси министрлик тарабынан ушул Жобонун 28-пунктуна ылайык белгиленет.

**37.** IX класстарынын окуучулары үчүн ЖМА (НМС) өткөрүүдө төмөнкү 5 окуу сабактары боюнча, анын ичинде 4 милдеттүү, 1 тандоосу боюнча сабактардан сынактарды тапшыруу каралат:
- математика (алгебра) – комплекстүү жазуу тести;
- окутуу тили (кыргыз, орус, өзбек жана тажик) – дилбаяндын элементтери камтылган баяндама;
- Кыргызстандын тарыхы – оозеки сынак;
- кыргыз тили (орус, өзбек жана тажик тилдеринде окутулган мектептер үчүн) же орус тили (кыргыз тилинде окутулган мектептер үчүн) – функционалдык грамматиканы жана лексиканы, ошондой эле текстти окуу жана түшүнүү жөндөмүн текшерүүнү камтыган комплекстүү жазуу тести;
- тандоосу боюнча сабак (*окуучу төмөнкү сабактардын ичинен тандап алат*: адабият, геометрия, физика, химия, биология, география, чет тил, Базистик окуу мерчеминин алкагында окулуучу (текстте мындан ары – БОМ), адам жана коом/экономикага киришүү жана информатика *(ЖББУда мектеп же БОМдун башка компоненттери киргизилген учурда*).

**38.** XI класстарынын окуучулары үчүн ЖМА (НМС) өткөрүүдө төмөнкү 5 окуу сабагы боюнча, анын ичинде 4 милдеттүү, 1 тандоосу боюнча сабактардан сынактарды тапшыруу каралат:
- математика (алгебра жана талдоонун башталышы) – жазуу сынагы;
- окутуу тили (кыргыз, орус, өзбек жана тажик) – эссе;
- Кыргызстандын тарыхы – оозеки сынак;
- кыргыз тили (орус, өзбек жана тажик тилдеринде окутулган мектептер үчүн) же орус тили (кыргыз тилинде окутулган мектептер үчүн) – функционалдык грамматиканы жана лексиканы, текстти окуу жана түшүнүү, ошондой эле угуу жана жазуу жөндөмүн текшерүүнү камтыган комплекстүү жазуу тести;
- тандоосу боюнча сабак (*окуучу төмөнкү сабактардын ичинен тандап алат*: геометрия, физика, химия, биология, география, чет тил *(БОМ алкагында окулуучу)*, адам жана коом/экономикага киришүү жана информатика *(ЖББУда мектеп же БОМдун башка компоненттери киргизилген учурда*).

39. Мектеп-лицей, мектеп-гимназия, окуу-тарбиялоо комплекстеринин жана башка жалпы билим берүү уюмдарынын IX жана (же) XI класстарынын окуучулары базалык көлөмдөгү сабактардан тышкары өтүлгөн темаларды, бөлүмдөрдү эске алуу менен өздөрүнүн жалпы билим берүү уюмдарында жалпы негизде милдеттүү түрдө бир же эки профилдик сабактар боюнча оозеки түрүндө ЖМАдан (НМС) өтүшөт. Тандоосу боюнча сынак окуучунун тийиштүү окуу сабагын көрсөтүү менен өз алдынча жазган арызынын негизинде окуу жылынын аяктаганына эки жума калганда аныкталат.

40. Математика боюнча жазуу сынактары БОМ тарабынан жалпы билим берүү уюмдары, гимназия, лицей, мектеп-комплекстер, математика же гуманитардык сабактарды тереңдетип окутуучу мектептер үчүн аныкталган окутуу планынын татаалдык деңгээлине ылайык жүргүзүлөт.

41. Окуучулардын оорусуна байланыштуу которулган мамлекеттик жазуу иштерин өткөрүү үчүн Билим берүүнүн мамлекеттик башкаруу органдары ББСБжМТУБга жана КБАга кошумча сынак материалдарына суроо-талап жөнөтөт. Билим берүүнүн мамлекеттик башкаруу органдары тарабынан сынак тапшырмаларына тапшырык которулган ЖМАны (НМС) өткөрүүнүн башталышына бир жумадан кеч эмес убакытта жасалат.

42. Милдеттүү түрдөгү оозеки сынактар, тандоо жана профилдик сабактар боюнча билеттер окуучуларга ЖМАны (НМС) өткөрүү күнүнө эки ай калган убакыттан кеч эмес мөөнөттө кабарланат.

43. XI класста эссени окутуу тилинде жазуу жана баалоо боюнча нускамалык-усулдук каттар (кыргыз, орус, өзбек жана тажик тилдери «Кут билим» гезитинде жана министрликтин сайтында) ЖМАнын (НМС) башталышына чейин эки айдан кеч эмес убакытта жарыяланат.

44. Сынак материалдары, анын ичинде:

**IX класс үчүн**
- математика боюнча комплекстик тесттер;
- дил баяндын элементтери камтылган баяндамалар;
- окутуу орус, өзбек жана тажик тилдеринде жүргүзүлгөн мектептер үчүн кыргыз тили боюнча комплекстик тесттер, ошондой эле окутуу кыргыз тилинде жүргүзүлгөн мектептер үчүн орус тили боюнча комплекстик тесттер;
- Кыргызстан тарыхы боюнча билеттер;
- тандоосу боюнча сабактардын билеттери жана башка материалдар.

**XI класс үчүн**
- эссе жазуу үчүн тексттер;

- математика (алгебра жана талдоонун башталышы) боюнча жазуу тапшырмаларынын жыйнактары;
- окутуу орус, өзбек жана тажик тилдеринде жүргүзүлгөн мектептер үчүн кыргыз тили боюнча комплекстик тесттер, ошондой эле окутуу кыргыз тилинде жүргүзүлгөн мектептер үчүн орус тили боюнча комплекстик тесттер билим берүүнүн мамлекеттик башкаруу органдарына жана жалпы билим берүү уюмдарына министрлик тарабынан күбөлөндүрүлүп чапталган конверттерде ЖМАнын (НМС) башталышына бир жума калган мөөнөттө жөнөтүлөт;
- Кыргызстан тарыхы боюнча билеттер;
- тандоосу боюнча сабактардын билеттери жана башка материалдар.

Кырызстандын тарыхы жана тандоосу боюнча башка сабактардын сынак билеттери ЖМА (НМС) башталганга чейин 2 ай мурда даярдалып коюлат.

45. Билим берүүнүн мамлекеттик башкаруу органдары жана жалпы билим берүү уюмдары сынак материалдарын сынак башталганга чейин ачкандыгы, тексттерде жана тапшырмаларда камтылган маалыматтын купуялыгын ачыктагандыгы үчүн административдик жоопкерчиликти алып барат.

46. Тандоосу боюнча жана профилдик сабактар боюнча ЖМАнын (НМС) тапшырмалары билеттерге тиркемелер менен бирге директордун күйбөс сейфинде сакталат.

47. Өзгөчө кырдаалдар коркунучу жаралган учурда билим берүүнүн мамлекеттик башкаруу органдары министрлик менен макулдашуунун негизинде ЖМАны (НМС) башка жалпы билим берүү уюмуна же ЖМАны (НМС) өткөрүүнүн жүгүртмөсүндө каралган башка күнгө которуу жөнүндө чечим кабыл алат.

48. ЖМАны (НМС) өткөрүү үчүн даярдалган жайлардын (мындан ары текстте - дарсканалардын) саны, жалпы аянты жана абалы сынактарды санитардык-эпидемиологиялык эрежелердин жана ченемдердин талаптарына ылайык келген шарттарда өткөрүүнү камсыз кылышы керек.

Окуучулардын өздүк буюмдары үчүн атайын орун бөлүнөт.

Мамлекеттик жана расмий тилдер боюнча сынак өткөрүлгөн дарсканалар үн жазмаларын кайра уктуруу каражаттары менен, чет тилдер боюнча сынак өткөрүлгөн дарсканалар – үн жаздыруу жана үн жазмаларын кайра уктуруу каражаттары менен, айрым сабактар боюнча сынак өткөрүлгөн дарсканалар – лабораториялык иштерди аткаруу үчүн жабдуулар менен, информатика боюнча сынак өткөрүлгөн, ошондой эле ушул Жободо аныкталган башка учурлар үчүн дарсканалар - компьютердик техника менен жабдылат.

49. Жабык түрдөгү атайын окутуу-тарбиялоо мекемелеринде, ошондой эле эркинен ажыратуу түрүндө жаза аткаруу мекемелеринде негизги жалпы билим берүүнүн билим берүү программаларын өздөштүргөн окуучулар үчүн билим берүүнүн мамлекеттик башкаруу органдары бул мекемелердин жетекчилигинин көмөгү астында ал мекемелерде ЖМА (НМС) сынактарын кабыл алуунун өзгөчө атайын шарттарын жана ЖМАны (НМС) өткөрүү убагында коомдук коопсуздукту камсыз кылуу зарылдыгын эске алуу менен уюштурушат.

50. ЖМАны (НМС) өткөрүү күнү жалпы билим берүү уюмунда төмөнкү адамдар катышат:
- мектептин директору жана ПКнын мүчөлөрү;
- программалык камсыздоо боюнча иштеген, маалыматтык-техникалык жардам көргөзгөн техникалык адис;
- укук тартибин коргоону камсыз кылуучу кызматкерлер;
- медициналык кызматкерлер жана сынактарды өткөрүү учурунда окуучуларга керектүү техникалык жардам көргөзүүчү ассистенттер;
- окуучуларга лабораториялык иштерге нускама берүү жана иштин аткарылышын камсыз кылуу боюнча адис.

51. ПКнын төрагасынын көрсөтмөсү боюнча окуучулар жазуу сынак ишинин баш барагын толтурушат. ПК мүчөлөрү жазуу сынак ишинин баш барагы окуучулар тарабынан туура толтурулушун текшеришет. Бардык окуучулар баш баракты туура толтургандан кийин ПКнын төрагасы сынактын башталышын жана аякталышын, ошондой эле тыныгуу убактысын жарыялайт, ал убакыттарды доскага (маалымат тактасына) жазат, андан соң окуучулар жазуу түрүндөгү сынак ишин аткарууга киришишет.

Бардык окуучуларга чиймелеп, ондоого мүмкүн боло турган кошумча барактар берилет. Иштерди баалоодо керектүү учурларда ПК ал кошумча барактарды да текшерет. Чиймелеп, ондоого мүмкүн боло турган кошумча барактардагы маалымат туура жооп катары эсептелбейт.

52. Окуучулар ЖМАны (НМС) өткөрүүнүн белгиенген тартибин сактоого милдеттүү жана ПК мүчөлөрүнүн көрсөтмөлөрүнө баш ийишет, ПК өз кезегинде дарсканада ЖМАны (НМС) өткөрүүнүн белгиленген тартибинин сакталышын камсыз кылат жана буга көзөмөл жүргүзөт.

ЖМАны (НМС) өткөрүү учурунда окуучунун иш ордунда сынак материалдарынан сырткары төмөнкүлөр болот:
- көк түстөгү сыясы бар эки-үч калем сап;
- жөнөкөй калькулятор (математикадан башка сабакта), жөнөкөй калем, өчүргүчтөр;
- дары-дармек (зарыл учурларда);
- атайын техникалык каражаттар (мүмкүнчүлүктөрү чектелген окуучулар үчүн).
Мындан башка буюмдарын окуучулар дарсканада атайын бөлүнгөн жерге калтырышат.
Дарсканадан сыртка чыккан учурда окуучулар сынак материалдарын жана кошумча иштөө барактарын ПКнын мүчөлөрүнө тапшырышат.
53. ЖМАны (НМС) өткөрүү учурунда жалпы билим берүү уюмунда төмөнкүлөргө тыюу салынат:
- окуучуларга – бири-бири менен сүйлөшүүгө, дарскананын ичинде эркин басып жүрүүгө;
- окуучуларга – жанында байланыш каражаттарын, электрондук-эсептөө техникасын (жөнөкөй калькулятордон башка), сүрөт, үн жана көрмө аспаптары, маалымат берүүчү материалдарды, жазма эскерткич-белгилерди, маалыматты сактоо жана берүүнүн башка каражаттарын алып кирүүгө;
- уюштуруучуларга жана (же) ушул Жобонун 69-пунктунда көрсөтүлгөн окуучуларга зарыл болгон техникалык жардам көрсөткөн ассистенттерге, техникалык адистерге – сынак материалдарын кагазга жазылган түрдө, электрондук ташыгычтар менен дарсканадан сыртка алып чыгууга, сынак материалдарын сүрөткө тартып алууга.
Зарыл учурларда окуучуларга дарсканадан чыгууга жана жалпы билим берүү уюмунда басып жүрүүгө уруксат берилет.
Окуучулардын басып жүрүүсүн көзөмөлдөөнү жалпы билим берүү уюмунун буйругу менен бекитилген нөөмөтчү жүргүзөт.
Уюштуруучуларга, мүмкүнчүлүктөрү чектелген окуучуларга зарыл болгон техникалык жардам көрсөтүп жаткан ассистенттерге өзү менен байланыш каражаттарын алып жүрүүгө тыюу салынбайт.
54. ЖМАны (НМС) өткөрүүнүн белгиленген тартибин бузууга жол берген окуучулар сынакты тапшыруудан четтетилет. Бул үчүн ПК мүчөлөрү сынакты тапшыруудан четтетүү жөнүндө акт түзөт жана ЖМАны (НМС) өткөрүүнүн белгиленген тартибин бузган окуучуларды сынактан чыгарып жиберет.
55. Эгерде окуучу ден соолугуна байланыштуу же башка негиздүү себептер менен сынак тапшырмаларын аткарып бүтпөй калса, ал дарсканадан мөөнөтүнөн мурда чыгып кетүүгө укуктуу. Мындай учурларда ПК мүчөлөрү медицина кызматкерин чакырышат, ал негиздүү себептер менен сынакты мөөнөтүнөн мурда аяктоо жөнүндө акт түзөт.
Сынактан четтетүү жана негиздүү себептер менен сынакты мөөнөтүнөн мурда аяктоо жөнүндөгү актылар билим берүүнүн мамлекеттик башкаруу органына жөнөтүлөт.
Жазуу сынак иштерин мөөнөтүнөн мурда аткарып бүткөн окуучулар сынактын аякташын күтпөстөн иштерин уюштуруучуларга тапшырып дарсканадан чыгып кетүүгө укуктуу.
56. IX жана XI класстарынын окуучулары үчүн ЖМАны (НМС) оозеки түрдө өткөрүү учурунда курамы 20 адамдан ашык топ эки тайпага бөлүнөт. Мындай учурда ЖМА (НМС) ошол эле күнү эки нөөмөттө өткөрүлөт. Ар бир тайпага билеттердин толук топтому жана аларга тиркемелер берилет. Эгер бүтүрүүчү биринчи билетке жооп бере албаса, ПК ага экинчи билет алуу укугун берет, бул учурда окуучунун алган баасы бир упайга төмөндөтүлөт.
Оозеки сынактарда жооп берүүгө даярдануу үчүн окуучуга 15-20 мүнөт берилет.
57. Экстернат таризинде окугандар үчүн ЖМА (НМС) экстернат таризинде мектептик билимге ээ болуу жөнүндөгү Жободо жана ушул Жободо каралган тартипте жүргүзүлөт. Чет өлкөдө экстернат таризинде мектеп окуучуларынын эл аралык тажрыйба алмашуу долбоору боюнча окугандар үчүн ЖМАны (НМС) ийкемдүү график боюнча жүргүзүүгө уруксат берилет, бул учурда билим берүүнүн мамлекеттик башкаруу органдары министрликтен ЖМАны (НМС) өткөрүүнүн башталышына чейин бир жумадан кеч эмес убакытта кошумча сынак материалдарын суроого тийиш. Сынакты мындай өткөрүүгө негиз болуп окуучулардын окуган жерлеринен Кыргыз Республикасына кеч келиши жана аралык аттестациялардан өтүшү эсептелет.
58. Мамлекеттик аккредитациядан өтпөгөн менчик түрүндөгү жалпы билим берүү уюмунун IX жана (же) XI класстарынын окуучуларына билим берүүнүн мамлекеттик башкаруу органдары аныктаган башка жалпы билим берүү уюмунда ЖМАны (НМС) тапшырууга уруксат берилет. Бул учурда билим берүүнүн мамлекеттик башкаруу органы IX жана (же) XI классынын окуучуларынын башка жалпы билим берүү уюмуна которулуу тартибине, ЖМАны (НМС) өткөрүүгө жана билими тууралуу мамлекеттик үлгүдөгү документтин берилишине көзөмөл жүргүзөт.

59. XI класста математика (алгебра жана талдоонун башталышы) боюнча сынак жазуу материалдарынын варианттары түздөн түз ЖМА (НМС) башталаардын алдында лотореяны ойнотуу түрүндө аныкталат.
60. Жазуу сынактарын өткөрүү тартиби министрликтин нускамалык каттарынын негизинде аныкталат. Сынак материалдары менен тааныштыруу (окуп берүү) ПКнын мүчөлөрүнүн катышуусунда сынак башталаардын алдында жүргүзүлөт.
61. IX класста дил баяндын элементтери камтылган баяндамаларга жана математикага (алгебра) 4 астрономиялык саат бөлүнөт.
Лицейлерде жана жалпы билим берүү уюмдарында математика тереңдетилип окутулган учурларда (математикага профилдик окутуу) сынакка 5 саат убакыт бөлүнөт, комплекстүү жазуу тестине (ушул Жобонун 37-пунктуна ылайык) – 1,5 саат.
XI класста эссеге 5 астрономиялык саат, комплекстүү жазуу тестине (ушул Жобонун 38-пунктуна ылайык) – 2 саат, математикага (алгебра жана талдоонун башталышы) – 5 саат, математика (алгебра жана талдоонун башталышы) тереңдетилип окутулган класстарда – 6 саат убакыт бөлүнөт.
62. ЖМАны (НМС) кайталап өткөрүү жана (же) окуучунун оорусуна байланышту которулган мөөнөттөрү жалпы билим берүү үюмдары тарабынан өз алдынча аныкталат. Мындай учурда билим берүүнүн мамлекеттик башкаруу органдары тарабынан кошмча сынак материалдарын алууга тапшырык ЖМА (НМС) башталганга чейин бир жумадан кем эмес убакытта берилет.
63. IX жана (же) XI класстардын окуучулары – окуу-машыктыруу жыйындарынын талапкерлерине, мектеп окуучуларынын эл аралык олимпиадаларынын, республикалык жана эл аралык иш-чаралардын (спорттук мелдештер, сынактар, фестивалдар, кароолор ж.б.) курама командаларына, ошондой эле жашаган жерин өзгөртүүгө байланыштуу республикадан сырткары чыгып кеткен окуучуларга үстүбүздөгү жылдын 15-апрелинен эрте эмес убакытта ЖМАны (НМС) мөөнөтүнөн мурда өткөрүүгө уруксат берилет.
ЖМАны (НМС) мөөнөтүнөн мурда өткөрүү жана IX жана (же) XI класстардын окуучуларына ЖМАны (НМС) тапшырууга укук берүү чечими билим берүүнүн мамлекеттик башкаруу органы тарабынан жалпы билим берүү уюмунун өтүнүч катынын негизинде ЖМАны (НМС) мөөнөтүнөн мурда өткөрүү зарылдыгын тастыктаган төмөнкү документтер: окуучунун жана анын ата-энесинин (мыйзамдуу өкүлүнүн) арызы, тиешелүү компетенциясы бар мамлекеттик органдын буйругунун (маалымкат), авиабилеттердин, X-XI класстар үчүн ведомосттордун күбөлөндүрүлгөн көчүрмөлөрү, паспорту, негизги жалпы билими тууралуу күбөлүгү, мектептин педагогикалык кеңешинин сунуштамасы жана жалпы билим берүү уюмунун буйругу бар болгон учурда кабыл алынат.
Кыргыз Республикасынын тийиштүү компетенцияга, ыйгарым укукка ээ болгон мамлекеттик органдарынын белгиленген тартиптеги тастыктоочу документтеринин бар болушу гана окуучуларга ЖМАны (НМС) мөөнөтүнөн мурда тапшыруу укугун берүүгө негиз болот.
64. Кайталанган ЖМА (НМС) ПКнын башка курамы тарабынан өткөрүлөт.
65. Тийиштүү окуу сабагы (тийиштүү окуу сабактары) боюнча үстүбүздөгү окуу жылында кайталап өткөрүлгөн ЖМАны (НМС) тапшырууга педагогикалык кеңештин сунуштамасына жана жалпы билим берүү уюмдун буйругуна ылайык IX жана (же) XI класстардын төмөнкү окуучуларына укук берилет:
- ЖМАдан (НМС) бирден көп эмес «канааттандырарлык эмес» баа алгандар;
- сынакка негиздүү себептер менен келбегендерге (ооруп калгандыгына же тиешелүү документтер менен тастыкталган башка себептерге байланыштуу);
- ЖМАны (НМС) өтүү учурунда сынак ишин негиздүү себептер менен аткарып бүтпөй калгандарга (ооруп калгандыгына же тиешелүү документтер менен тастыкталган башка себептерге байланыштуу);
- ЖМАны (НМС) өткөрүүдө белгиленген тартиптин бузулуш фактылары аныкталган учурда ЖМАны (НМС) өткөрүүдө белгиленген тартиптин бузулушу тууралуу берген апелляциясы ТК тарабынан канааттандырылып жана алган жыйынтыктары жокко чыгарылган окуучуларга.
66. Орто жалпы билим берүүнүн негизги билим программаларын ийгиликтүү өздөштүргөн, X жана XI класстардын курсу үчүн аныкталган окуу планынын бардык окуу сабактары боюнча чейректик, жарым жылдык жана жылдык бааларды «5» (эң жакшы) деген баадан кем эмес алган талапкерлер, XI класстын окуучулары, белгиленген тартипте педагогикалык кеңештин сунуштамасынын жана жалпы билим берүү уюмунун буйругунун негизинде «Алтын тамга» тестирлөөсүнө катыша алышат.

67. Ден соолугуна байланыштуу атайын топко киргизилген жана дене тарбия сабагынан бошотулган XI класстын окуучулары сөзсүз түрдө «Алтын тамга» тестирлөөсүнө катышкан учурда, орто билим жөнүндөгү артыкчылык аттестатты алууга талапкер болууга укуктуу.
68. ЖМАдан (НМС) өтпөй калган же ЖМАда (НМС) милдеттүү бирден көп сабактан (тандоо сабагы) «канааттандырарлык эмес» жыйынтык алган, же жалпы билим берүү уюму тарабынан аныкталган кошумча мөөнөттүн ичинде ЖМАны (НМС) кайталап тапшырууда бул сабактардын ичинен бир сабактан «канааттандырарлык эмес» баа алган IX жана (же) XI класстардын окуучуларына ушул Жободо белгиленген түрдө жана мөөнөттөрдө, бирок 1 жыл өткөндөн эрте эмес кошумча белгиленген мөөнөттө тийиштүү окуу сабактары боюнча ЖМАны (НМС) тапшырууга укук берилет.

## 6. Ден соолук мүмкүнчүлүктөрү чектелген окуучулар үчүн ЖМАны (НМС) өткөрүү тартиби

69. Ден соолук мүмкүнчүлүктөрү чектелген окуучулар үчүн, ошондой эле ден соолук абалына байланыштуу үйдө жана билим берүү уюмдарында окугандар, анын ичинде, тиешелүү дарылоо, калыбына келтирүү жана саламаттыгын чыңдоо иш-чаралары өткөрүлгөн санатордук-курорттук, жалпы билим берүү уюмдарында окуган, узак убакыт дарылоого муктаж болгондор үчүн жалпы билим берүү уюму алардын жекече өзгөчөлүгүн эске алуу менен жабдылат.
ЖМАны (НМС) өткөрүүнүн материалдык-техникалык шарттары бул окуучулардын дарсканаларга, даараткана жана башка жайларга кирүү жана бул жайларда болуу мүмкүнчүлүгүн камсыз кылат (пандустардын, туткалардын болушу, каалгалардын, лифттердин кенен ачылышы, лифттер жок болгон учурда дарскана 1-кабатта болушу зарыл; атайын креслолордун жана башка ылайыкталган жасалгалардын болушу).
ЖМАны (НМС) өткөрүүдө жогоруда көрсөтүлгөн окуучулардын жекече өзгөчөлүгүн эске алуу менен аларга керектүү техникалык жардам көрсөтүп, иш ордун ээлөөгө, ары-бери жүрүүгө, тапшырманы окууга жардам бере турган ассистенттер катышат.
Жогоруда көрсөтүлгөн окуучулар алардын жекече өзгөчөлүгүн эске алуу менен ЖМАны (НМС) өткөрүү учурунда өзүнө керектүү техникалык каражаттар менен пайдаланышат.
70. Ден соолук абалы боюнча негизги жана даярдоочу медициналык топторго кирген IX жана (же) XI класстардын окуучулары дене тарбия сабагы боюнча чегерим тапшырышат, анын жыйынтыктары бул сабак боюнча жыйынтыктоочу бааларды чыгарууда эске алынат. Дене тарбия сабагы боюнча чегеримдер сабактан тышкаркы убакта 14-майдан 25-майга чейин өткөрүлөт.
Чегерим көнүгүүлөрү боюнча 3 «канааттандырарлык эмес» баа алган IX жана (же) XI класстардын окуучулары чегеримден өткөн жок деп эсептелет. Дене тарбия сабагы боюнча кайтадан чегерим тапшыруу укугу жалпы билим берүү уюмунун директорунун уруксаты менен ЖМА (НМС) өткөрүүдөн мурунку же андан кийинки күндөрдө, бирок билими тууралуу документти тапшырган убакытка чейин берилет.
Ден соолук абалы боюнча атайын медициналык топторго киргизилген IX жана (же) XI класстардын окуучулары дене тарбия сабагы боюнча чегерим тапшырбайт, алардын дене-бой даярдыгы окуу жылынын ичиндеги жетишкендиктеринин негизинде «чегерим», «чегерим эмес» түрүндө бааланат.
71. IX жана (же) XI класстардын окуучулары бардык окуу сабактары боюнча жылдык баалары дурус «канааттандыраарлык», «жакшы» жана (же) «эң жакшы» болгон учурда ден соолук абалына байланыштуу ЖМАны (НМС) тапшыруудан бошотулат.
72. Окуучуну ЖМАны (НМС) тапшыруудан бошотуу ата-энесинин (мыйзамдуу өкүлдөрүнүн) арызынын негизинде, дарылоо мекемесине караштуу дарыгердик-кеңеш берүү комиссиянын (ДКК) же ден соолук мүмкүнчүлүгү чектелген окуучулар үчүн психологиялык-медициналык-педагогикалык кеңеш берүүнүн (ПМПК) корутундусу көргөзүлгөндө жана ар бир айрым учурда тийиштүү компетенцияга ээ билим берүүнүн мамлекеттик башкаруу органынын уруксаты болгондо гана жүргүзүлөт.
73. ЖМА (НМС) өткөрүү убагында ооруп калган же негиздүү себептер менен келбеген IX жана (же) XI класстардын окуучуларына педагогикалык кеңештин сунуштамасы жана жалпы билим берүү уюмунун буйругу менен ЖМА (НМС) өткөрүлгөндөн кийин 5 күн ичинде же күз мезгилинде (5-сентябрга чейин) калтырган сынактарын тапшыруу укугу берилет.
Жазуу сынактары, ушул Жобо менен аныкталган тартипте, билим берүүнүн мамлекеттик башкаруу органынын тапшырыгы менен алынган материалдар боюнча өткөрүлөт.

74. Ооруп калгандыгына байланыштуу 45 же андан ашык күн сабак калтырган IX жана (же) XI класстардын окуучуларына анын каалоосун (ден соолук абалын) эске алуу менен педагогикалык кеңештин сунуштамасы жана жалпы билим берүү уюмунун буйругунун негизинде кийинки окуу жылында кайталап окуу укугу берилет.
75. Негиздүү себеби жок 45 же андан ашык күн сабак калтырган IX жана (же) XI класстардын окуучуларына педагогикалык кеңештин сунуштамалары жана жалпы билим берүү уюмунун буйругунун негизинде кийинки окуу жылында кайталап окуу чечими чыгарылат.
76. Күндүзгү-сырттан (кечки) окуу түрүндө IX жана (же) XI класста окуган, баланы багуу боюнча өргүүдө болгон аялзаты ЖМАны (НМС) тапшыруудан бошотулат. Бул учурда сынактан бошотууга негиз болуп аялдар бейтапканасынан алынган маалымкат эсептелет.
77. Акыл-эс өнүгүүсү жактан кемтиги бар окуучулар үчүн атайын адистешкен жалпы билим берүү уюмунда ЖМА (НМС) өткөрүлбөйт. Окутуунун жыйынтыктарын чыгаруу атайын адистешкен жалпы билим берүү уюмдары үчүн каралган жана окуучулардын психикалык-дене-бой өзгөчөлүктөрүн эске алуу менен түзүлгөн жалпы билим берүү программаларына ылайык жүргүзүлөт. Акыл-эс өнүгүүсү жактан кемтиги бар окуучулар үчүн атайын адистешкен жалпы билим берүү уюмунун IX классында эмгекке үйрөтүү сабагы боюнча бүтүрүү сынагы өткөрүлөт. Бул сынак аңгемелешүү түрүндө өтөт.
Эмгекке үйрөтүү сабагынан жана өндүрүштүк тажрыйба өтүү учурунда жогорку жыйынтыктарды көрсөткөн IX класстын окуучулары жумушчу кесиби боюнча баштапкы разрядды ыйгаруу үчүн дасыктык сынактарды тапшырууга укук алышат. Бул сынак ишкананын (өндүрүштүн, мекеменин жана башка уюмдардын) дасыктык комиссиясы тарабынан аңгемелешүү түрүндө кабыл алынат.
78. Кесиптик-эмгекке үйрөтүү боюнча сынак материалдары билим берүү программаларынын талаптарынын алкагында жана балдардын психикалык-дене-бой өзгөчөлүктөрүн эске алуу менен даярдалып, педагогикалык кеңештин сунуштамасы жана жалпы билим берүү уюмунун буйругу боюнча даярдалат.
79. Теориялык жана практикалык сынактар ар башка күндөрдө өткөрүлөт.

## 7. Сынак иштерин текшерүү тартиби жана аларды баалоо

80. Жазуу сынак иштерин текшерүү жана аларды баалоо сынак кабыл алынган күндү эске албаганда эки жумуш күнүнөн ашпаган убакытта жүргүзүлөт.
81. ЖМАнын (НМС) жыйынтыктары 5 упайлык система менен бааланат.
82. IX жана (же) XI класстардын окуучуларынын жазуу сынак иштерин текшерүү жана оозеки сынактарды кабыл алуу ПК тарабынан жүргүзүлөт. ПК иштерди текшерип бүтпөй калган учурларда, сынак иштери атайын бөлүнгөн жерде (күйбөс сейфте), мектеп директорунун мөөрү басылып, ПК мүчөлөрүнүн кол тамгалары коюлуп сакталат.
83. Жазуу сынак иштерин текшерүү тартиби министрликтин нускамалык усулдук катынын негизинде аныкталат.
84. ЖМАнын (НМС) «2» (канааттандырарлык эмес) жана «5» (эң жакшы) деген баалар коюлган жазуу сынак иштерине рецензия жазылат.
85. ПК ар бир окуу сабагы боюнча ЖМАнын (НМС) жыйынтыктарын карайт жана ушул Жободо алдын ала караштырылгандай, аларды бекитүү, өзгөртүү жана (же) жокко чыгаруу тууралуу чечим кабыл алат.
IX жана (же) XI класстардын окуучуларынын жазуу түрүндөгү сынак иштерин жана (же) оозеки жообун баалоодо ПК мүчөлөрүнүн ортосунда пикир келишпестиктер чыккан учурда, маселе көпчүлүк добуш менен чечилет жана протоколдо көпчүлүктүн чечими менен макул болбогон ПК мүчөлөрүнүн өзгөчө пикирлери жазылып коюлат.
86. Жыйынтык бааларды чыгарууда жана бекитүүдө ПК окуучулардын жарым жылдык жана жылдык бааларын, ошондой эле ЖМАдан (НМС) алынган жыйынтыктарды карайт, бирок бул учурда сынактагыдан жогоруураак баа коюлбайт.
Талаш учурларда жана ПК мүчөлөрүнүн ортосунда пикир келишпестиктер жаралган учурларда окуучулардын жыйынтык баалары катары ЖМАдан (НМС) алынган баалар коюлат.
ЖМАдагы (НМС) IX жана (же) XI класстардын окуучулары «канааттандырарлык эмес» деген баа алган учурда, сынактагыдан жогоруураак баа коюлбайт.
ПКнын чечимдери протокол менен жол-жоболоштурулат жана анын мүчөлөрү тарабынан кол коюлат.

87. Окуучулардын жыйынтык баалары класстык журналга (негизги жалпы билими тууралуу күбөлүктөрдү жана (же) жалпы орто билими тууралуу аттестат берүү китебине, өздүк ишине, ЖМАнын (НМС) жалпы жыйынтыкталган ведомостко) жазылат.
88. IX жана (же) XI класстардын окуучуларына өзүнүн жазуу сынак ишин текшерүүнүн жыйынтыктары менен таанышууга укук берилет. Окуучуларды сынак ишин текшерүүнүн жыйынтыктары менен тааныштыруу ПКнын төрагасына жүктөлөт.
Жазуу сынак ишине коюлган баа менен макул эмес учурда окуучу бир күндүк мөөнөт ичинде ТКга кайрылууга укуктуу.
89. ПК өзүнүн отурумунда ар бир окуу сабагы боюнча ЖМАнын (НМС) жыйынтыктарын карайт жана ушул Жободо алдын ала караштырылгандай, аларды бекитүү, өзгөртүү жана (же) жокко чыгаруу тууралуу чечим кабыл алат.

## 8. Апелляцияларды кабыл алуу жана карап чыгуу

90. ТК билим берүүнүн мамлекеттик башкаруу органынын чечими менен бир райондук жана (же) шаардык административдик чөлкөмдүн аймагында түзүлөт. Ведомстволук жана менчик жалпы билим берүү уюмдары үчүн ТК министрликтин чечиминин негизинде түзүлөт.
91. ТК окуучулардын жана алардын ата-энелеринин (мыйзамдуу өкүлдөрүнүн), ЖМАнын (НМС) белгиленген өткөрүү тартибинин бузулуу маселелери, ошондой эле коюлган баалар менен макул эместиги жөнүндөгү арыздарын кабыл алат жана карайт; окуучунун апелляциясын канааттандыруу же четке кагуу жөнүндө чечим кабыл алат; кабыл алган чечим тууралуу арыз берген окуучуга жана (же) анын ата-энесине (мыйзамдуу өкүлдөрүнө), ошондой эле ПКга маалымат берет.
ТКнын иштөө тартиби, курамы жана ыйгарым укуктары билим берүүнүн мамлекеттик башкаруу органы тарабынан ЖМАнын (НМС) башталышына эки жума калган убакытта аныкталат жана сайтка жайгаштырылат.
ТКнын курамына билим берүүнүн мамлекеттик башкаруу органдарынын өкүлдөрү, директорлор кеңешинин (коллегиясынын), камкордук кеңешинин жана ата-энелер коомчулугунун мүчөлөрү тартылат. ПКнын мүчөлөрү ТКнын курамына кирбейт.
92. ТКнын чечимдери протоколдор менен жол-жоболоштурулат.
93. ТК сынак материалдарынын мазмуну жана түзүмү тууралуу апелляцияларды карабайт.
94. Апелляцияны кароо учурунда анда баяндалган фактыларды текшерүү тийиштүү сынакты уюштурууда жана (же) өткөрүүдө катышкан, же болбосо апелляция берген окуучунун сынак ишин мурда текшерген адамдар тарабынан жүргүзүлбөйт.
95. Өз функцияларын аткаруу максатында ТК ыйгарым укуктуу адамдардан жана уюмдардан керектүү документтерге жана маалыматтарга, анын ичинде сынак иштеринин жана чиймелеп, ондоого мүмкүн боло турган кошумча барактарынын көчүрмөлөрүнө, ЖМАны (НМС) өткөрүү тартибинин сакталышы тууралуу ПКнын текшерүү протоколдоруна суроо-талап жиберет.
96. Апелляцияны кароо учурунда ТКнын отурумуна каалоосу боюнча окуучулар жана (же) алардын ата-энелери (мыйзамдуу өкүлдөрү), ПК мүчөлөрү, ошондой эле коомдук байкоочулар катыша алат. Апелляцияны кароо адеп-ахлак ченемдерин сактоо менен, тынч жана ак дилдүү жагымдуу жагдайда өткөрүлөт.
97. Окуучу (ушул Жобонун 77-пунктунда көрсөтүлгөндөн тышкары учурларда) ЖМАнын (НМС) белгиленген өткөрүү тартибинин бузулушу жөнүндөгү арызын тийиштүү окуу сабагы боюнча сынак өткөрүлгөн күнү, мектептен чыкпай туруп берет.
98. ЖМАнын (НМС) белгиленген өткөрүү тартибинин бузулушу тууралуу апелляцияда баяндалган маалыматтарды текшерүү максатында билим берүүнүн мамлекеттик башкаруу органы тарабынан ПКнын төрагасынын, окуучу сынак тапшырган учурда ал дарсканада катышпаган программалык камсыздоо боюнча техникалык адистердин, окуучуларга лабораториялык иштерди аткаруу боюнча көрсөтмө берүүчү жана аткарылышын камсыз кылуучу адистердин, коомдук байкоочулардын, укук тартибин коргоону камсыз кылуучу кызматкерлердин, медициналык кызматкерлердин, ошондой эле ден соолук мүмкүнчүлүгү чектелген окуучуларга керектүү техникалык жардам көрсөтүүчү ассистенттердин катышуусунда текшерүү жүргүзүлөт.
Текшерүүнүн жыйынтыктары корутунду түрүндө жол-жоболоштурулат. Апелляция жана текшерүүнүн жыйынтыктары боюнча корутунду ошол эле күнү ТКга тапшырылат.

ЖМАнын (НМС) белгиленген өткөрүү тартибинин бузулушу тууралуу апелляцияны кароо учурунда ТК апелляция менен бирге текшерүүнүн жыйынтыктары боюнча корутундуну карайт жана төмөнкү эки чечимдин бирин кабыл алат:

- апелляцияны четке кагуу жөнүндө;
- апелляцияны канааттандыруу жөнүндө.

99. Апеляция канааттандырылган учурда, апелляция берилген сынактын жыйынтыктары жокко чыгарылат жана окуучуга ЖМАнын (НМС) кошумча жүгүртмөдө каралган башка күнү тийиштүү окуу сабагы боюнча сынак тапшыруу мүмкүнчүлүгү берилет.

100. ЖМАны (НМС) өткөрүү учурунда окуучу тарабынан белгиленген тартиптин бузулушу тууралуу фактылар аныкталган учурда, билим берүүнүн мамлекеттик башкаруу органы окуучунун ЖМАда (НМС) тийиштүү окуу сабагы боюнча алган жыйынтыктарын жокко чыгаруу тууралуу чечим кабыл алат.

101. Жазуу сынак ишине коюлган баа менен макул эместиги тууралуу апелляция тийиштүү окуу сабагы боюнча ЖМАнын (НМС) жыйынтыктары жарыяланган убакыттан баштап бир күндүк мөөнөт ичинде берилет.

Коюлган баа менен макул эместиги тууралуу апелляцияны окуучу түздөн түз ТКга же белгиленген тартипте ЖМАны (НМС) тапшырган билим берүү уюмуна берет. Апелляцияны кабыл алган билим берүү уюмунун жетекчиси токтоосуз түрдө аны ТКга жөнөтөт.

102. Коюлган баа менен макул эместиги тууралуу апелляцияны кароо учурунда ТК жалпы билим берүү уюмуна ПКнын сынак ишин текшерүү протоколдорунун жана апелляция берген окуучу аткарган сынак иштеринин көчүрмөлөрүнө суроо-талап жиберет.

Бул материалдар окуучуга (апелляцияны кароо учурунда катышкан кезде) көрсөтүлөт.

Окуучу (14 жаш куракка чыга элек окуучулар үчүн) ата-энесинин (мыйзамдуу өкүлдөрүнүн) катышуусу астында өзү тарабынан аткарылган сынак ишинин көчүрмөсү көрсөтүлгөндүгүн (апелляцияны кароо учурунда катышкан кезде) жазуу түрүндө тастыктайт.

103. Окуучулардын сынак иштерин баалоо боюнча талаш маселелер жаралган учурда ТК апелляцияны кароо ишине бул сынак ишти мурда текшербеген, тийиштүү окуу сабагы боюнча калыс баалоочуларды тартат.

Сынак ишин текшерүүдө кетирилген каталар жана (же) эреже бузуулар аныкталган учурда, ТК тийиштүү маалыматты эки күн ичинде чечим кабыл алуу үчүн билим берүүнүн мамлекеттик башкаруу органына жөнөтөт.

104. ТК тарабынан ЖМАны (НМС) өткөрүү учурунда белгиленген тартиптин бузулушу тууралуу окуучунун апелляциясы канааттандырылган учурда, ПК окуучунун ЖМАда (НМС) тийиштүү окуу сабагы боюнча алган жыйынтыгын жокко чыгаруу, ошондой эле кошумча мөөнөттөрдө ЖМАны (НМС) тапшырууга укук берүү тууралуу чечим кабыл алат.

105. Окуучунун коюлган баа менен макул эместиги тууралуу апелляциясы ТК тарабынан канааттандырылган учурда, ПК окуучунун ЖМАда (НМС) алган жыйынтыгын ТКнын протоколдоруна ылайык өзгөртүү тууралуу чечим кабыл алат.

106. ЖМАны (НМС) өткөрүү учурунда белгиленген тартиптин бузулушу тууралуу апелляцияны ТК эки жумуш күндүн ичинде, ал эми коюлган баа менен макул эместиги тууралуу апелляцияны анын ТКга келип түшкөн күнүнөн баштап төрт жумуш күндүн ичинде карайт.

107. Эгерде тартип бузуулар ушул Жобонун 53-пунктунда көрсөтүлгөн же башка (өздүктүгү аныкталбаган) адамдар тарабынан жүргүзүлсө, анда ПК окуучулардын ЖМАда (НМС) тийиштүү окуу сабагы боюнча алган жыйынтыгын жокко чыгаруу тууралуу чечим кабыл алат.

## 9. Окуучуларды бүтүрүп чыгаруу тартиби. Билими тууралуу мамлекеттик үлгүдөгү документти жол-жоболоштуруу жана тапшыруу

108. Педагогикалык кеңештин сунуштамаларына ылайык жана жалпы билим берүү уюмунун буйругу менен негизги жалпы билим берүү программаларын толук өздөштүргөн жана ЖМАдан (НМС), (СТ түрүндөгү ЖМАдан же «Алтын тамга» тестирлөөсүнөн) ийгиликтүү өткөн IX жана XI класстарынын бүтүрүүчүлөрүнө билими тууралуу мамлекеттик үлгүдөгү документ берилет (IX классты аяктаган бүтүрүүчүлөргө – негизги жалпы билими тууралуу күбөлүк; XI класстарынын бүтүрүүчүлөрүнө – жалпы орто билими тууралуу аттестат).

109. Билими тууралуу мамлекеттик үлгүдөгү документ (текстте мындан ары – аттестат жана (же) күбөлүк) так отчёттуулук документтер, Кыргыз Республикасынын жекелештирилген документтери болуп саналат.
Билим берүү уюму окуучулардын билим берүү программаларын өздөштүрүү жыйынтыктарынын, ошондой эле бул натыйжалар тууралуу маалыматтардын кагазга түшүрүлгөн жана (же) электрондук түрдө Кыргыз Республикасынын билим берүү тармагында ыйгарым укуктуу мамлекеттик органы тарабынан аныкталган тартипте жекече эсебин жүргүзөт.
110. Билими тууралуу документтерин окуучулар өздөрү окуган жалпы билим берүү уюмунан, анын ичинде дарылоо мекемелеринде болгон бүтүрүүчүлөр окуу сабактары жана ЖМАны (НМС) тапшыруу уюштурулган жалпы билим берүү уюмдарынан алышат. Мындай бүтүрүүчүлөрдүн билими тууралуу документтерин жол-жоболоштурууда алардын дарыланган жериндеги жалпы билим берүү уюмдарынан алган жылдык баалары эске алынат.
111. ЖМАны (НМС) бир окуу сабагы боюнча тапшыра албай калган IX жана (же) XI класстардын окуучуларына тийиштүү сынак сабагы боюнча баасы жарыялангандан кийин, жеке арызы менен кайрылган учурда аларга ЖМАны (НМС) кайталап тапшыруу укугу берилет.
112. Негизги жалпы же жалпы орто билим берүүнү аяктабаган, эки же андан көп окуу сабагы боюнча жалпы билим берүү программаларын өздөштүрбөгөн же болбосо ЖМАдан (НМС) өтпөй калган IX жана (же) XI класстардын окуучуларына жалпы билим берүү уюму тарабынан белгиленген үлгүдөгү маалымкат берилет.
Маалымкатта окуучунун жылдык баалары жана ЖМАдан (НМС) алган баалары, анын ичинде белгиленген окуу планындагы IX жана (же) XI класстарда окутулган бардык окуу сабактары боюнча алган «канааттандырарлык эмес» баалары да көрсөтүлөт.
Маалымкат алган окуучулар ЖМАны (НМС) бир жылдан кийин тапшыруу укугуна ээ болот.
113. ЖМАны (НМС) тапшыруудан ушул Жобонун 71-пунктуна ылайык бошотулган IX жана (же) XI класстардын окуучуларына билими тууралуу документ жылдык бааларынын негизинде берилет.
114. Негизги жалпы билими тууралуу күбөлүккө белгиленген окуу планындагы билим берүүнүн II баскычында окутулган бардык окуу сабактары боюнча алган жылдык жана (же) жыйынтык баалары жана ЖМАдан (НМС) алган баалары коюлат.
Жалпы орто билими тууралуу аттестатка белгиленген окуу планындагы IX жана (же) XI класстарда окутулган бардык окуу сабактары боюнча алган жылдык жана (же) жыйынтык баалары жана ЖМАдан (НМС) алган баалары коюлат.
115. Билими тууралуу документте ар бир сабак боюнча баалар сан түрүндө коюлат жана кашаа ичинде сөз менен жазылат: «5» (эң жакшы), «4» (жакшы), «3» (канааттандырарлык).
«Канааттандырарлык эмес» баалары же «окуду» жазуусу болгон окуучуларга билими тууралуу документ берилбейт.
116. Аттестацияланбаган, ден соолугуна байланыштуу дене тарбия жана эмгекке үйрөтүү сабактарынан бошотулган IX класстын окуучуларына билими тууралуу документте «бошотулду» деген жазма жазылат.
117. Билими тууралуу документте жалпы билим берүү уюмунун юридикалык аталышына, анын герби түшүрүлгөн мөөрүнө, номерине жана жайгашкан жерине дал келүүчү аталышы көрсөтүлөт.
Билими тууралуу документ эки тилде: кыргыз жана орус тилдеринде жол-жоболоштурулат.
Билими тууралуу документ кара түстөгү сыя же арип терүүчү түзүлүштөрдүн жардамы менен толтурулат, директор, директордун окуу-тарбия иштери боюнча орун басары, класс жетекчиси жана бүтүрүүчү класстардын мугалимдери (5 тен кем эмес мугалим) кол тамгасын коюшат.
Билими тууралуу документ жалпы билим берүү уюмунун герби түшүрүлгөн мөөрү менен күбөлөндүрүлөт. Мөөрдүн тамгалары так, даана, жеңил окулгандай болушу керек. Билими тууралуу документте өчүрүүгө, оңдоого, сөздөрдү кошумча жазууга, чийүүгө жана тилкелерди толтурбай коюуга жол берилбейт.
Бүтүрүүчүнүн аты-жөнү, атасынын аты, туулган жылы, айы жана күнү толук түрдө жана паспортундагы жазмалар менен так шайкештикте жазылат, ал эми паспорту жок бүтүрүүчү болсо, туулгандыгы тууралуу күбөлүктөгү жазмалардын негизинде толтурулат.
118. Жалпы билим берүү уюмунда жаштар жана чоң кишилер үчүн уюштурулган класстардын (тайпалардын) окуучуларынын билими тууралуу документтеринде жалпы билим берүү уюмунун аталышынан кийин «Күндүзгү-сырттан (кечки) окуу түрүндөгү класс (тайпа)» жазмасы жазылат.
Экстернат таризинде билим алган бүтүрүүчүлөргө билими тууралуу документтин оң тарабындагы жогорку бурчунда «Экстернат» жазуусу жазылат.

119. Жалпы орто билими тууралуу аттестатка берилген тиркеме (Жыйынтык баалардын табели) номерсиз жана сериясыз чыгарылат. Жетишүүнүн жыйынтык бааларынын табелин толтурууда «Жыйынтык баалардын табели» сөздөрүнөн кийин жалпы орто билими тууралуу аттестаттын номерин жана сериясын жазып коюу керек.
120. ЖМАны (НМС) тапшыруудан бошотулган бүтүрүүчүлөрдүн аттестатынын тиркемесинде жылдык баалары коюлат. Аттестатка тиркемеде «окуучу сынак тапшырган сабактардын аталышы» тилкесинде тиешелүү жазма, мисалы: «ден соолугуна байланыштуу сынактарды тапшыруудан бошотулду» же «(сабактын аталышы) боюнча эл аралык олимпиаданын катышуучусу (республикалык командага талапкер) катары сынактарды тапшыруудан бошотулду» деп жазылат.
121. Жалпы билим берүү уюмунда окуган убакытта окуучу мектеп окуучуларынын Республикалык (эл аралык) олимпиадасында катышпаса, аттестатка тиркеменин тиешелүү тилкесинде «катышкан эмес» жазмасы жазылат.
122. Ден соолугуна байланыштуу дене тарбия жана эмгекке үйрөтүү сабактары боюнча ЖМАдан (НМС) бошотулган IX класстын окуучусуна ушул Жобонун 22-пунктуна ылайык билими тууралуу артыкчылык документи берилет. Ден соолугунун абалы боюнча атайын топко киргизилген жана дене тарбия сабагы боюнча жылдык «чегерим» баасына ээ болгон IX класстын окуучусуна ушул Жобонун 22-пунктуна ылайык билими тууралуу артыкчылык документи берилет.
123. Белгиленген окуу планынын окуу сабактарын толугу менен өздөштүрбөгөн жана ушул Жобонун белгиленген талаптарына ылайык ЖМАны (НМС) тапшырбаган IX жана (же) XI класстардын окуучуларына билими тууралуу документ берилбейт.

## 10. Артыкчылык көргөзгөн бүтүрүүчүлөрдү сыйлоо

124. Бир же бир нече сабактарды өздөштүрүүдө өзгөчө жетишкендиктерге жетишкен IX жана (же) XI класстардын окуучулары башка окуу сабактары боюнча жакшы бааларга ээ болгон учурда «Айрым сабактарды өздөштүрүүдөгү өзгөчө жетишкендиктери үчүн» Мактоо барагы менен сыйланат.
125. Бүтүрүүчүлөрдү «Айрым сабактарды өздөштүрүүдөгү өзгөчө жетишкендиктери үчүн» Мактоо барагы менен сыйлоо чечими педагогикалык кеңеш тарабынан кабыл алынат.
126. Билими тууралуу документи жана «Айрым сабактарды өздөштүрүүдөгү өзгөчө жетишкендиктери үчүн» Мактоо барагы бүтүрүүчүлөргө ЖМА (НМС) аяктагандан кийин салтанаттуу жыйында тапшырылат.

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
БАТКЕН ОБЛАСТЫ
КЫЗЫЛ-КЫЯ ШААРЫ
ТОКТОГУЛ атындагы
№ 6 орто мектеби

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
БАТКЕНСКАЯ ОБЛАСТЬ
ГОРОДА КЫЗЫЛ-КЫЯ
СШ №6 им.ТОКТОГУЛА

**№ 39 буйруктан көчүрмө**

**# 1**

**04.04.2022-жыл** **Токтогул ат. №6 орто мектеби**

**2021-2022-окуу жылында Кызыл- Кыя шаарындагы Токтогул атындагы №6 орто мектебинде негизги жалпы,орто жалпы билим берүү программалары боюнча жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестацияны өткөрүү жөнүндө**

Кызыл-Кыя шаардык билим берүү бөлүмүнүн 2022- жылдын 3- мартындагы № 17 буйругунун негизинде **буйрук кыламын:**

1. Токтогул атындагы №6 орто мектебинде 2021- 2022- окуу жылы 2022- жылдын 8-июнунда аякталсын.
2. Негизги мамлекеттик сынактын жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестациясын өткөрүү мөөнөттөрү жана түрлөрү төмөнкүдөй түрдө аткарууга алынсын:

2.1 Окутуу кыргыз, орус тилдеринде жүргүзүлгөн IX класстарынын бүтүрүүчүлөрү үчүн 11-июндан 22- июнга чейин беш сабак ( анын ичинде төрт милдеттүү, бир тандоо боюнча) өткөрүлсүн:

- математикадан (алгебрадан) комплекстүү тест (жазуу түрүндө)- 11-июнда;
- эне тилинен дилбаяндын элементтери менен баяндама – 14-июнда;
- кыргыз тилинен (орус тилинде окутулган класстарда) жана орус тилинен (окутуу кыргыз тилинде жүргүзүлгөн класстарда) комплекстүү тест (жазуу түрүндө) – 17-июнда;
- Кыргызстан тарыхынан (оозеки)- 20-июнда;
- Окуучулардын тандоосу боюнча сабактан. Сабак өтүлгөн темалар,бөлүмдөрдү эске алуу менен кошумча сынакты жана өткөрүү убактысын мектеп өзү белгилейт.

2.2 Окутуу кыргыз тилинде жүргүзүлгөн жалпы билим берүүчү мектептерде XI класстарынын бүтүрүүчүлөрү үчүн 11-июндан 23-июнга чейинки убакытта беш милдеттүү сабак боюнча (анын ичинен бир сабак тандоосу боюнча) өткөрүлсүн:

- эне тили жана адабияты (эссе)- 11-июнь;
- математикадан (алгебрадан) комплекстүү тест (жазуу түрүндө)- 14-июнь;
- Кыргызстандын тарыхы (оозеки)- 17-июнда;
- орус тилинен (окутуу кыргыз тилинде жүргүзүлгөн класстарда) комплекстүү тест (жазуу түрүндө) – 20-июнда;
- Окуучулардын тандоосу боюнча сабактан. Сабак өтүлгөн темалар,бөлүмдөрдү эске алуу менен кошумча сынакты жана өткөрүү убактысын мектеп өзү белгилейт.

3. IX, XI класстардын бүтүрүүчүлөрү үчүн 2022- жылдын 30- майынан баштап 7-

июнга чейин сабактан тышкаркы убакта дене тарбиясы боюнча зачет өткөрүлсүн;

4. Негизги Мамлекеттик сынактын жазуу түрүндөгү жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестациясы бекитилген талаптарга ылайык 9-00 дө башталышы мугалимдерге, окуучуларга жана ата-энелерге тааныштырылсын.
5. Мектептин усулдук бирикме жетекчилерине :
   - жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестациясын өткөрүү боюнча даярдыктын жүрүшүнө жана мугалимдерге усулдук жардам берүүнү көзөмөлгө алышсын;
6. Мектеп администрациясы жана класс жетекчилер тарабынан мамлекеттик жыйынтыктоочу сынактардын өткөрүлүшүн, керектүү жабдыктар, материалдар , жазуу үчүн барактар менен камсыздоо , сынактын жыйынтыктарын жалпылаштыруу милдеттендирилсин;
7. Жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестациянын жыйынтыгы боюнча жазуу жүзүндөгү отчет билим берүү бөлүмүнө 2022-жылдын 30- июнуна чейин окуу бөлүмү тарабынан жиберилсин;
8. Жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестацияны өткөрүү ЖМАны өткөрүү жөнүндөгү Жобонун негизнде жүргүзүлсүн;
9. Буйруктун аткарылышын көзөмөлдөө окуу бөлүмүнүн башчысы А.Д. Эгембердиевага милдеттендирилсин.

Мектеп директору: Д.Т. Сарытаева